КАРАЛДЫ

педагогикалык кеңештин

№ 1

“29“ 08 2022-ж.

БЕКИТЕМ

М.Балбаков атындагы

орто мектебинин директору

А.Дөөлөтбеков

**Билим берүүнүн сапатына кызыкдар тараптардын канааттануусун, муктаждыктарын, суроо-талаптарын изилдөө жүргүзүү эрежелери.**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул эреже М.Балбаков атындагы орто мектеби көрсөткөн билим берүү кызматтарынын сапатына кызыкдар тараптардын канааттануусун баалоо максатында иштелип чыккан.

1.2. Бул жобо мектепти башкарууну жана билим берүү процессин өркүндөтүүнү камсыз кылган документтердин катарына киргизилет.

**2. Терминдер, аныктамалар жана кыскартылган сөздөр**

2.1. **Билим берүүнүн сапаты** - билим берүүнүн чыныгы жетишилген натыйжаларына, билим берүү процессинин шарттарына, ченемдик укуктук талаптарга шайкештик деңгээлин чагылдырган билим берүү тутумунун ажырагыс мүнөздөмөсү.

2.2. Билим берүүнүн сапатын баалоо - бул билим берүүнүн өлчөнгөн натыйжаларынын дал келүү деңгээли, аларды билим берүү сапатына коюлган талаптардын ченемдик укуктук тутуму менен камсыз кылуу шарттары аныкталат.

2.3. Кызыкдар тараптардын канааттануусун мониторингдөө - билим берүү кызматтары жаатында алардын талаптарын канааттандырууда кызыкдар тараптардын канааттануу абалын туруктуу көзөмөлдөө, алынган натыйжаларды талаптар жана күтүүлүүчү натыйжалар менен салыштыруу, башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн өзгөрүүлөрдү аныктоо.

2.4. Керектөөчүлөрдөн жана башка кызыкдар тараптардан кайтарым байланыш - керектөөчүлөрдөн көрсөтүлгөн билим берүү кызматтарынын сапаты жөнүндө маалымат алуу иш-чаралары.

**3. Билим берүүнүн сапатына кызыкдар тараптардын канааттануу даражасын көзөмөлдөө тартиби.**

3.1. Бул эреже мектеп тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүүнүн сапатына кызыкдар тараптардын канааттануусун баалоо, натыйжаларын чогултуу, о.э. отчетту берүү менен баалоо жана талдоо жол-жобосун аныктайт.

3.2. Мектептеги кызыкдар тараптардын канааттануусун баалоо үчүн анкеталар, сурамжылоолор, тегерек столдор, жолугушуулар өткөрүлүп, ага жооптуу адамдар аныкталат.

3.3. Кызыкдар тараптардын канааттануусун баалоо төмөнкү максаттарда жүргүзүлөт:

- мектеп тарабынан көрсөтүлгөн билим берүүнүн сапатын жогорулатуу;
- мектеп менен кызыкдар тараптардын өз ара кызматташуу деңгээлин жогорулатуу;
- мектептин рейтингин жана имиджин жакшыртуу.

3.4. Кызыкдар тараптардын канааттануусун баалоонун мониторинги - бул мектеп тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын камсыз кылууга жана жакшыртууга багытталган татаал процедура.

3.5. Кызыкдар тараптардын канааттануусун баалоо тартиби төмөнкү баскычтардан турат:

- кызыкдар тараптардын мектептин ишине канааттануусун баалоону пландаштыруу;
- кызыкдар тараптардын канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоочу индикаторлорду, критерийлерди, ыкмаларды, булактарды аныктоо;
- кызыкдар тараптардын тиешелүү категорияларынын канааттануусун баалоо үчүн анкеталарды иштеп чыгуу;
- кызыкдар тараптардын канааттануусу жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана талдоо;
- билим берүү кызматтарынын сапатынын ар кандай аспектилерине кызыкдар тараптардын канааттануусу жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана талдоо;
- билим берүү кызматтарынын сапатынын ар кандай аспектилерине кызыкдар тараптардын канааттануу деңгээлин баалоо.

3.6. Мектеп анкетанын жыйынтыгы боюнча, билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатуу боюнча иш-чаралардын планын түзөт;

3.7. Кызыкдар тараптардын канааттануусун баалоо көрсөткүчтөрү:

- кызыкдар тараптардын талаптары жана натыйжалары;
- окуучулардын билим сапатынын, көндүмдөрүнүн, билгичтиктеринин деңгээли;
- окуу-методикалык ресурс;
- педагогикалык кадрлардын сапаты;
- инфраструктуранын сапаты;
- инновациялык жана илимий ишмердүүлүк;
- атаандаштыкка жөндөмдүүлүк;
- кызыкдар тарап менен өз ара аракеттенүү жана кызматташтык.

3.8. Мониторинг жургүзүү процедурасын көзөмөлдөө боюнча талаптар - ишенимдүүлүк, жөнөкөйлүк, натыйжалуулук, үнөмдүүлүк.

3.9. Кызыкдар тараптардын канааттануусун өркүндөтүү максатында төмөнкү маалыматтар эске алынып, талданат:

- кызыкдар тараптардын конкреттүү талаптары;
- билим берүү тутумунун өнүгүшүнө мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары;
- билим берүү иш-аракеттерине талаптар.

3.10. Мониторингдин натыйжалары мектепти башкаруунун сапатын талдоо, оңдоо жана алдын алуу иш-чараларын иштеп чыгуу үчүн колдонулат.

3.11. Мектептин директорунун орун басарлары иш багыттары боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн кызыкдар тараптардын муктаждыктарын жана күтүүлөрүн канааттандыруусун баалоо, натыйжаларын талдоо, кызыкдар тараптардын канааттануусун жогорулатуу үчүн тиешелүү түзөтүүчү жана алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүнү камсыз кылат.

3.12. Кызыкдар тараптардын канааттануусун баалоо жол-жобосунун көрсөтмөсү:

- пландаштыруу, канааттанууну баалоо үчүн иштин жыштыгын аныктоо;
- кызыктар тараптарды структуралоо;
- баалоо методун аныктоо;
- анкеталарга экпертиза жургүзүү; маалымат булактарын аныктоо;
- кызыкдар тараптардан маалымат алуу (сурамжылоо, анкета жүргүзүү);
- натыйжаларды иштеп чыгуу - алынган маалыматтарды талдоо;

- кызыкдар тараптардын канааттануусун баалоо боюнча отчет түзүү;
- мектеп тарабынан сунушталган билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

## 4. Сурамжылоо жүргүзүүнүн тартиби

4.1. Мектеп кагаз жана электрондук маалымат каражаттарында пландуу жана ыкчам сурамжылоолорду колдонот.

4.2. Мектеп төмөнкү топтор боюнча сурамжылоо жүргүзөт:

- мектептин окуучуларынан;
- мугалимдерден;
- окуучулардын ата-энелеринен (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн);
- мектептин администрация кызматкерлеринен.

4.3. Окуучулардан сурамжылоо пландуу түрдө жүргүзүлөт - жылдын башында, төртүнчү чейректин аягында. Зарылчылык болгон учурда, пландан тышкары сурамжылоо жүргүзүлөт.

4.4. Сурамжылоонун натыйжалары иштелип чыгат, анализделет жана жетекчиликке жана башка кызыкдар жактарга түзөтүү жана алдын алуу иш-чараларын аныктоо үчүн жеткирилип маалымдалат.

## 5. Сактоо

Иштелип чыккан анкеталарды кагаз жүзүндө сактоону директордун окуу тарбия иштери, илимий-усулдук жана тарбия иштери боюнча орун басарлары, социалдык педагог жүргүзөт.